**Изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын**

**“Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары**

**(40-80-жылдар)” деген темада филология илимдеринин**

**кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу**

**үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин**

**ПИКИРИ**

**Адистиги 10.01.01-кыргыз адабияты.**

Улуттук адабият таануу илимибизде кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган эмгектер XX кылымдын 40-жылдарынан тартып жазыла баштап, бүгүнкү күнгө чейин ар кыл форматта, ар кандай мазмунда иштелип келет. Бирок ал эмгектердин өнүгүү динамикасын, мазмундук, формалык өзгөчөлүктөрүн атайын изилдөөгө алган, адабияттын тарыхы боюнча жазылган фундаменталдуу эмгектердин тарыхына очерк, академиялык жыйнак, окуу китептерине сереп салып аларга илимий анализ жасоо иши бүгүнкү күнгө чейин колго алынбай келген маселелерден эле.

Изденүүчү С.Сагидаева “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40=80-жылдар)” аталышындагы диссертациялык изилдөөсү улуттук адабият таануу илиминдеги аталган кенемтени толтуруу максатында жазылган алгачкы эмгек десек болот.

Чындыгында адабиятыбыздын тарыхына арналган эмгектер саны боюнча да, камтыган маселелеринин ар түрдүүлүгү боюнча да кыйла эле көп. Анын үстүнө изденүүчү изилдөөдө 1940=1980-жылдар аралыгы, т.а.адабияттын тарыхына арналган эмгектердин 40 жылдык картинасы изилдөө объектисине алынарын конкреттештирген. Бул дагы аз убакыт эмес.

Демек, көрүнүп тургандай изденүүчү С.Сагидаеванын алдында оңой эмес маселе турган жана аны концептуалдуу, терең жана ар тараптуу иликтөө дагы изденүүчүдөн белгилүү бир илимий-теориялык даярдыкты талап кылары турган иш эле. Тилекке жараша, диссертант эмгегин жазууда менимче маселенин олуттуулугун да жеткилең түшүнө алды, алдыга коюлган максаттарды ишке ашырууда да жигердүүлүк менен изденип, коюлган проблеманы жогорку илимий-теориялык, методологиялык деңгээлде чечип берүүгө жетишти.

Иштин I главасында «XX кылымдын 40=50-жылдарындагы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы аракеттерди» иликтеп, бул бөлүмдө 1943-жылы алгач жарык көргөн “Кыргыз адабиятынын очерктери” аттуу эмгектин “Кыргыз совет адабияты” бөлүмүнүн (автору

К.Рахматуллин), 1947-жылы адабиятчы М.Богданова тарабынан жазылган орус тилиндеги "Киргизская литература", 1951-жылы Б.Керимжанова жазган "Кыргыз совет адабияты XXV жылда "деген изилдөөлөрдөгү, камтылган материалдардын мүнөзүн, адабиятыбыздын тарыхын чагылдыруудагы толук жана толук эместиктерин салыштыруу жолу менен анализге алган.

Булардан тышкары профессионал адабиятыбыздын тарыхына түздөн-түз тиешеси бар Ш.Үмөталиевдин, Б.Маленовдун, Б.Керимжанованын монографиялык мүнөздөгү макалаларына да токтолот.

Диссертант жогоруда аталган эмгектердин материалдарын ошол мезгилдеги мамлекеттик идеология менен тыгыз байланыштуу карап, мүмкүн болушунча эмгектерге объективдүү пикир айтууга жетишкендигин жаш окумуштуунун ийгилиги десем болот.

Адабияттын тарыхына арналган эмгектердеги тигил же бул жазуучунун чыгармачылыгына байланыштуу айтылган пикирлерге да диссертант өзүнүн мамилесин билдирүүсү, зарылдыгына жараша полемикага чыгуусу ишти супсак болуудан сактап, окумдуулугун артырат.

II глава «Кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде изилдөөнүн 60=70-жылдардагы өнүгүшү: көп тармактуулук жана концептуалдуулук» деп аталып, 60-70-жылдары тарыхты жазуу иши күрдөөлдүү колго алынганын, бул жылдары окумуштуулардын билим деңгээли кадыресе жогорулоонун натыйжасында изилдөөлөр фундаменталдуу мүнөз алганын баса белгилейт. Буга мисал катары 1960-жылы жарык көргөн "Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очеркин" анализге алат. Мында кайсы бөлүм кимдер тарабынан, канчалык деңгээлде объективдүү, илимий деңгээлде жазылгандыгына деталдуу токтолуп, диссертант аталган эмгектин мурдакылардан артыкчылыгы эмнеде экенин баса белгилеген. "Очеркте" Ж.Таштемиров "Балдар адабияты" жана "Адабий сын" бөлүмдөрүн кошкондугу очерктин мазмундуулугун арттырган деген туура корутунду чыгарат. Ошондой эле эмгектеги портреттик бөлүмдөрдүн ийгилик, кемчиликтери да кенен талкууга алынып, алар боюнча жалпы тыянактар чыгарылат. Бөлүмдү жазган авторлордун көз караш, пикирлерине олуттуу тактоолор киргизилип, толуктоолор берилиши да диссертанттын изилдөө предметин жакшы билгенин айгинелейт.

III главада «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши» иликтенип, негизинен бул бөлүмдө Б.Керимжанова баштаган авторлор тобунун адабият боюнча окуу китеби менен К.Иманалиев тарабынан жазылган окуу китеби жана К.Артыкбаевдин ЖОЖдор үчүн жазылган "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" окуу китептери өз ара салыштырылып анализге алынат. Главалардын артыкчылыктары,

кемчилдиктери белгиленет. Ошол эле мезгилдеги окуу китептери “тарых” боюнча жазылган башка эмгектердин контекстинде да каралат.б.а. диссертант маселенин масштабын кенен алууга аракет жасап, эң кийинки муундагы К. Артыкбаевдин окуу китебинин жетишкендиктерин аргументтүү далилдөөгө жетишет.

Албетте, материал көп болгондуктан жана изилдөөгө алынган обьектинин узак мезгилди кучагына алгандыгынан улам диссертант айрым учурда өзүн өзү кайталоого да жол берген учурлары жок эмес. Канткени менен мындай мүчүлүштүктөр иштин жалпы деңгээлине, мазмунуна терс таасирин тийгизбейт деп ойлойм. Эң башкысы, С.Сагидаева бул ишинде кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө алган 40=80-жылдардагы эмгектердин тарыхый-илимий эволюциясын жетиштүү деңгээлде ачып берди деген пикирдемин. Изилдөөдөгү алдына коюлган максаттарды ишке ашырды. Бул илимий иш бул багытта мындан ары жүргүзүлүүчү иштерге методикалык негиз, база болот деген пикирдемин.

Изденүүчү С.Сагидаеванын “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” Адистиги 10.01.01-кыргыз адабияты деген аталыштагы кандидаттык диссертациясы ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет деп эсептейм жана коргоого сунуш кылам.

**Илимий жетекчи ф.и.д, профессор Л.Үкүбаева.**